In any case, the main task of the Forensic Psychological Examination is to determine the truth and reject the lie. Psycholinguistics is the most important assistant in this and speeds up the whole process.

**The list of literature:**


1. **Vasiliev, L.V.** Legal psychology [ Text] / L.V. Vasiliev. - St. Petersburg, 2002. - 630 p.
2. **Vul, S.M.** Legal and speech [Text] / S.M. Vul. - Moscow, 1970.- 378 p.
3. **Aminov, I.I.** Psychology of professional activity of a lawyer [Text] / I.I. Aminov, N.A. Davydov // Textbook. — M.: Prospekt, 2020. - 280 p.
4. **Romanov, V.V.** Legal psychology [Text]: textbook. allowance for open source software / V.V. Romanov. - M.: Yurayt, 2019. -170 p.
5. **Romanov, V.V.** Legal psychology. Reader [Text]: textbook. allowance / V.V. Romanov.- M.: Yurayt, 2015. - 472 p.
6. **Romanov, V.V.** Legal psychology. Presentations in EBS [Text] / V.V. Romanov, L.N. Kotlyarova // Textbook for academic baccalaureate. - M.: Yurayt, 2018. - 478 p.
7. **Chufarovsky, Yu.V.** Legal psychology in questions and answers: textbook. allowance [Text] / Yu.V. Chufarovsky. - M.: Prospekt, 2020. - 256 p.
8. **Каденова, Ж.Т.** Путь исследования науки и литературы [Текст] / Ж.Т. Каденова // Наука. Образование.Техника. - Ош: КУУ, 2014. - С. 17-22.


DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.402

Поступила в редакцию: 15.01.2024 г.

**УДК 894, 341**

***Акылбекова А.А.***
*аспирант Кыргызского государственного универ. им. И. Арабаева, Кыргызская Республика*

## АКЫНДАР ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДАГЫ ПОРТРЕТТИК СҮРӨТТӨӨЛӨРДҮН ПОЭТИКАЛЫК МҮНӨЗҮ

*Бул жумушта изилдөөнүн предмети катары кыргыз төкмө акындарынын чыгармаларындагы портреттик сүрөттөөлөрдүн поэтикалык мүнөзү болуп саналат. Изилдөөнүн максаты: акындар поэзиясында көркөм сөз чеберчилигине баа берүүдө алардын салттуу каада-салт ырларын өзүнө сиңирип алып жаңыча иштеп чыгуу чеберчилигин, анда кездешкен портреттик сүрөтөөлөрдү анализге алуу. Изилдөөнүн методу - салыштыруу жана сыпаттама усулдары аркылуу жүргүзүлдү. Элдик оозеки чыгармачылык чалкып жаткан океан, тунук дарыя десек аша чапкандык болбойт. Төкмө акындар ички эстетикалык көрөңгөсү менен элдин оозеки чыгармачылыгындагы эң мыкты ырларын өздөштүрүп, ага индивидуалдуу өң-түс берери изилдөөнүн жыйынтыгында аныкталды. Акындар поэзиясында портреттин сүрөттөлөрдүн поэтикалык мүнөзү импровизаторлук, жаңычылдык чеберчилигин ачып берүү иштин баалуулугун белгилейт. Изилдөө жумушту классик акындардын чыгармачылыгын, каада-салт ырларынын, анда пайдаланылган көркөм сөз каражаттарынын поэтикалык мүнөзүн талдоодо колдонсо болот.*

***Негизги сөздөр:*** *төкмө акындар; айтыш; портреттик сүрөттөө; каргыш ырлары; санат-насыят; керээз; салттуулук.*

## ПОЭТИЧЕСКИЙ ХАРАКТЕР ПОРТРЕТНЫХ ОПИСАНИЙ В ТВОРЧЕСТВЕ ПОЭТОВ

*Предметом исследования в данной работе является поэтическая природа портретов в произведениях кыргызских народных поэтов. Цель исследования: оценить художественные выразительные способности поэтов в их поэзии, проанализировать их способность усваивать традиционные стихотворения и развивать их по-новому, а также проанализировать обнаруженные в них портретные образы. Методы исследования: проводился с использованием сравнительного и описательного методов. Народное искусство – это океан и чистая река. По*

*результатам исследования установлено, что поэты освоили лучшие песни устного творчества народа с их внутренней эстетической выразительностью и придали ей индивидуальный оттенок. В поэзии поэтов поэтический характер портретных изображений показывает ценность работы по раскрытию мастерства импровизации и новаторства. Исследовательская работа может быть использована при анализе творчества поэтов-классиков, традиционных песен, поэтической природы использованных в них художественных средств.*

***Ключевые слова:*** *поэты; речь; портретная живопись; ругательства; благословение; завещание; традиционность.*

## POETIC IMAGES OF PORTRAIT DESCRIPTIONS AND WORKS OF POETS

*The subject of research in this work is the poetic nature of portraits in the works of Kyrgyz folk poets. The purpose of the study: to evaluate the artistic expressive abilities of poets in their poetry, to analyze their ability to assimilate traditional poems and develop them in a new way, and also to analyze the portrait images found in them. Research methods: conducted using comparative and descriptive methods. Folk art is an ocean and a clean river. Based on the results of the study, it was established that the poets mastered the best songs of the people's oral creativity with their internal aesthetic expressiveness and gave it an individual touch. In the poetry of poets, the poetic nature of portrait images shows the value of working to reveal the skill of improvisation and innovation. Research work can be used to analyze the work of classical poets, traditional songs, and the poetic nature of the artistic means used in them.*

***Key words:*** *poets; speech; portraiture; curses; blessing; testament; tradition.*

Кыргыз элинин акындар чыгармачылыгында төкмө акындар элдик традиция менен өздүк чеберчилик маселесине кайрылууда негизги көйгөйлүү маселеге көңүл буруубуз керек. Маселен кыргыз элинин бир нече кылымдарда түзгөн акыл-ой байлыгын, андан улуу акындар кандай ыкмада пайдаланышты, аны өнүктүрүлүшү каралат. Ар бир улут басып өткөн тарыхый жолунда өнүгүү процессинде эчендеген маданий байлыктарды топтоду. Ар бир элдин өзүнө таандык улуттук өзгөчөлүгүнө карай, өзүнө тийиштүү формада калыптанат. Кыргыздын элдик оозеки чыгармачылыгы да башка улуттардан өзгөчөлөнүп турган салттуу түргө ээ. Төкмө акындардын чыгармачылыгына кайрылып жатканда алардын ырлары кыргыз элинин салттуу (традициялуу) фольклору менен тыгыз байланышта өнүккөнүн көрөбүз.

Каада-салт ырларынан кыртыш байлап, өзүнүн чыгармачылыгын өсүп-өнүктүрүүгө фольклордук ырларга жан киргизип, импровизациялык жол менен эстетикалык чекке жеткирген төкмө акындарга тийиштүү кубулуш. Кыргыз элинин чыгаан акындары Калыгул Бай уулу, Арстанбек Буйлаш уулу, Токтогул Сатылганов, Жеңижок, Тоголок Молдо, Барпы Алыкулов, Калык Акыев, Алымкул Үсөнбаев, Осмонкул Бөлөбалаев, Амантай, Жеңишбек, Элмирбек сыяктуу төкмө акындар өз элинин салттуу каада-салт ырларын андан ары улантып, өнүктүрүү үчүн көп эмгектенишкен.

«Традиция анчейин курулай көчүрүлүп келинбейт. Акын өзүнөн мурдагы адабият ишмерлеринин идеялык көркөмдүк ыктарын терең өздөштүрүү менен бирге аны жаңы турмуштук шарттарга, кырдаалдарга карата пайдаланат. Ошентип, традиция деген түшүнүк адабияттагы новаторство деген түшүнүк менен тыгыз байланыштуу. Эгерде акын, же жазуучу өзүнөн мурдагы автордун чыгармачылык ыктарын анчейин гана тууураса, ал бар болгону эпигон гана болот. Демек, мурдагы адабий традицияны өздөштүрүү деген сөз автор өзүнүн жаңылыгын киргизүү деген сөз. Маселен, кыргыз адабиятындагы импровизациялык поэзиянын традициясын алсак, анда өзүнөн мурдагы акындардын салтын улам кийинкилер чыгармачылык менен өздөштүргөнүн байкайбыз. Токтогулдун терме санаттары Барпынын, Калыктын, Алымкулдун чыгармаларында улантылды»,– деп белгилейт К. Асаналиев жана Р. Кыдырбаеванын эмгегинде [1].

Жогорку көз караштан улай Токтогулдун чыгармачылыгы тууралуу фундаменталдуу илимий эмгек жазган Ж. Таштемиров мындай белгилейт: « кылымдардын сыноосунан өткөн, элдин купулуна толгон чыгарма гана жашоосун уланта алат. Токтогул кыргыз элинин кыйла кылымдардан бери карай өмүр сүрүп келе жаткан поэзиясынын нугу менен өз чыгармачылыгын өнүктүрдү. Акындын чыгармаларына кайрылганда ага мүнөздүү традициялуулук маселеси төмөнкүлөр менен белгиленет: стилинин оозеки чыгармачылык жана акындык поэзиянын стили менен жакындыгы, тематикасынын традициялуулугу, образдардын жана көркөм каражаттарынын, ыр түзүлүшүнүн традициялуулугу ж. б. Ушундан эле кыргыз элинин улуу акыны Токтогулдун чыгармаларынын традициялуулугу көп маселени ичине камтыганы көрүнүп турат» [2],– деп белгилеген. Мындай көрүнүш бир гана Токтогул ырчыга тийиштүү эмес, кыргыз тарыхында аттын кашкасындай таанымал уулу төкмө акындардын көпчүлүгүнө тийиштүү кубулуш. Анткени, салттуу каада-салт ырларынын алкагында калып калса, өзүнчө индивидуалдуу мүнөзгө ээ болуп, кыргыз адабият тарыхында аты калбайт эле.

Чындыгында, жогорку аталган окумумуштуулар белгилеп өткөндөй акындар поэзиясында көркөм сөз чеберчилигине баа берүүдө алардын салттуу каада-салт ырларын өзүнө сиңирип алып жаңыча иштеп чыгуу чеберчилигин талдоого алуу биздин максатыбыз. Акындар поэзиясында портреттин сүрөттөлөрдүн поэтикалык мүнөзү импровизаторлук жаңычылдык чеберчилиги менен аныкталат. Акындар поэзиясында традициялык мүнөздөгү жайынча аткарылган кыз-узатуу айтыштарынан тарта акындардын өнөр сересинде кеңири жолуккан «сүйүү-секетпай», «керээз» жана «жоктоо», «арман» ырларына кайрылып, анализге алуу максаттуу.

Каада-салт ырлары да кыргыз элинин маданий жана руханий мурасынын бир орчундуу бөлүгү болуп саналат. Калкыбыздын карт тарыхында калыптанып, кийинки муунга өткөрүп берген каада-салты, нрава-этикалык баалуулуктары, адеп-ахлактык ишеними бар болгон. Өз убагында диний жөрөгөлөргө ээ болуп үй-бүлө куруудагы, маркумду акыркы сапарга узатууда салттык ырым-жырымдарды коштой каада-салт ырларынын көптөгөн классикалык үлгүлөрү пайда болгон. Айрыкча, кошок ырлары, жоктоо, сүйүү-секетбай, жар-жар айтуу ырларын өздөрүнүн таланты, көркөм-эстетикалык табитин, импровизатордук чеберчилигинин натыйжасында жаңы өң-түс берип, индивидуалдык боек кошкон.

Каада-салт ырларында керээзди өзүнчө бөлүп кароого негиз бар. Ал ичер суусу аз калып, жалган дүйнө менен кош айтышаар адамдын бала-бакырасына, уул-кыздарына, ага-ини туугандарына – тар чөйрөдө айткан кеби болсо, кээ бир учурларда инсандын коомдо алган ордуна, кадыр-баркына карата калайык калың журтка, жалпы элге айтылышы да толук мүмкүн. Тактап айтканда, керээзди ар бир адам айтууга акылуу болсо да, эл алдында жүргөн кадырлуу адамдардын, жоокерлер, акындар айткан «баланчанын керээзи» деп аталып, эл оозунда калып калган. Кандай болсо да, инсандын жарык дүйнө менен коштошоор алдында айткан сөздөрү анын урпактарын шыктандырган, сөзсүз аткарыла турган эреже катарында кабыл алынган.

Б. Кебекова керээз ырлары төмөнкүдөй эки формада жашап келерин белгилейт: «Керээз эки түрдүү формада жашайт: кара сөз жана ыр түрүндө. Керээздин кара сөз түрүндө айтылып, кийин акындар тарабынан поэтикалык формага түшүрүлүп, күчөтүлгөн учурлары бар. Буга мисал Боромбайдын, Балбайдын керээзи. Керээз калкка кеңири таанымал чечен же акын тарабынан айтылса, негизинен авторлугун сактап, көп өзгөртүүгө учурабайт. Айтуучу-маалымдоочулар да өзүн көп кошпой так бергенге аракеттенишет. Буга Солтобай тарабынан

эл арасында көп айтылып, аткарылып жүргөн Арстанбектин керээзи ачык күбө» [3],– деп белгилейт.

Чындыгында, кыргыз элинин айтылуу Балбай баатырынын керээзи төмөнкүдөй берилген:

«Санаттуу Балбай барындай
Сарайга журтун толтурсун
Оң карап келип олтурсун!
Ойрону Балбай тирүүндөй
Ордого журтун толтурсун!
Жалгыз уулум Мойногум
Жакшы керээз айта бар!» [4],– деп берилген. Негизи «Балбайдын керээзи» балдарына, эли-журтуна арналып, баатырдык иш-аракети, кайсы жерге коюлушу керек деген ойлору кошо берилген. Бугу уруусунан чыккан жоон билек баатыр катары анын душмандар менен кармашып, казактардар жылкы тийип келген иштери, сарбагыш менен карама-каршылыктары айтылып, баатырдык духта керээз айтылган. Кызыгы бир да жеринде портреттик сүрөттөөлөрдү пайдаланган эмес, бир гана баатырдык жортулдар айтылган. Кызык жери «Тилекматтын керээзи», «Ормондун керээзинде» да портреттик сүрөттөлөр пайдаланылган эмес.

Төкмө акындарда феноменалдуу эс-тутуму тууралуу айта кетпесе болбойт. Өзүлөрү чыгарган ырларын гана эмес, башка акындардын ырларын бир укканда көкүрөгүнө жаттап калган касиетке ээ. Черткен күүсүнөн тарта, созолонтуп ырдаган ырынын тексти, обону менен мээсине сактап, чып-чыргасын коротпой кайра кайталап ырдап берүү өзгөчөлүгүнө ээ. Ж. Таштемиров Токтогул тууралуу изилдөөсүндө баардык дитин бул өнөргө багыштап, ушундай өзгөчөлүгү менен угуучуларды өзүнө тартып турганын белгилейт. Андан тышкары ар акындын жөндөмүнө жараша бир укканын бүт жаттап алып, угуучулардын талабы боюнча аны ар дайым кайра айтып бере алган. Замандаштарынын эскермелерине караганда Токтогул ушундай жөндөмдүүлүк менен элди таң калтырчу экен. Ал кыргыз элинин ондон ашык дастанын эң чебер аткарган. Кандайдыр бир дастанды айтканда, бир жеринде элди күлдүрсө, муңдуу эпизод баяндоодо угуучулар ыйлап, терең кайгыга баткан, тунжурашкан, ал эми дастандын башкы каарманы баатырдыкты көрсөткөн учурларда алар шаттыкка бөлөнүшкөн. Акын көкүрөктөгү, зээндүүлүгү менен ушунча толуп жаткан дастандарды жадысына толук сактай билип, алардын ар бирин бир нече күнү айткан. Укмуштай эс – эйдетизмдик касиетке ээ болбогон адам ушунча көп мүлктүү көкүрөгү сактап жүрө албастыгы түшүнүктүү. Кыргыздын улуу акыны Токтогул өзүнүн мурун жашаган жана ошол кездеги ырчылардын чыгармаларын абдан өздөштүрүү менен бирге, башка элдердин, мисалы өзбек, казак, татар, уйгур, дунган, орус ж. б. элдердин музыкасын, ырларын ошол калктын улуттук мурасын сактоо менен аткарган [2].

Жогорку окуяларды мисалга тартып жатканыбыздын себеби, акындар поэзиясында дагы ичер суусу азайып, өлүм тооруп калганда төкмө акындар ырларында арман-мууң менен бир тууганадарына, элине керээз айтып ырдап калышкан. Мындай мааниде аткарылган көптөгөн ырлар кездешет, арасынан төмөндө Арстанбектин ыр саптарына бурабыз:

«**Кыл мурутум жок чакта,**
**Кылтылдаган шок чакта,**
**Байры-байры жаш чакта,**
Токтоло элек мас **чакта**,
Эттүүсү элем моюндун,

Эптүүсү элем оюндун,
Тотусу элем токойдун» деп ырдап келсе, аны улай эле:
**«Кара сакал ак болду,**
**Оо дүйнө кетер чак болду,**
**Эми кыл мурутум ак болду,**
**Кыямат кетер чак болду»** [5],– деп ырдаган.

Арстанбектин керээз ырында портреттик сүрөттөлөрдүн поэтикалык салмагын арттыруу үчүн «чакта» жана «болду» деген сөздөрдү пайдаланып, анафоралуу стилистикалык формуланы пайдаланган. «Кыл мурутум жок чакта», «Кылтылдаган шок чакта» – эптүүсү элем оюндун деп, өтүп кеткен өмүрүн, кайра кайтпас жаштыгын кыл мурутуна, кылтылдаган шок мезгилине паралель келтирип, угарманга портреттик сүрөттөлөр аркылуу өтүп кеткен өмүрдүн баркын көркөм айтып берип жатат. Оо дүйнө кетип, өлүм тооруп аз калганда «кара сакалы жана кыл муруту ак болду» деп ырдап, сакалы жана муруту өткөн өмүргө салыштырылып, поэтикалык көркөм бир милдетти аткарып турат. Ушундай эле нуктагы салыштырууну Токтогул «карылык» деген ырында ырдаган:

«**Кара чачым ак болуп,**
Кайран жашты жоктодум.
**Канаттуу куштай балалык,**
**Кайрылып келбейт окшодуң?..**
**Ээгимде сакал ак болуп,**
Эсиз жашты жоктодум.
**Ителги куштай балалык,**
Эңсесем, келбейт окшодуң» [5], – деп ырдаган.

Арстанбектин керээз ырынан айырмаланып, Токтогул «к» жана «э» тыбыштарынын сөз башында кайталанышын негиз тутуп, угарманга айтылып жаткан ойдун уккулуктуулугун, муун өлчөмдөрүн шарттаган. «Жоктодум», «окшодуң» деген сөздөр аркылуу аттама уйкаштыкты түзүп, кара чачын жана ээгиндеги сакалынын ак болгонун ителги кушка жана канаттуу кушка паралель келтирип, жаштыктын эми кайра кайтып келбесин көрсөтүп олтурат. Токтогулдун деги эле өтүп жаткан өмүргө өкүтүн бир гана «кара чач» жана «ак сакал» менен салыштырып чектелген эмес.

«**Аяктай булчуң эт кетти,**
**Анардай кызыл бет кетти.**
**Алтымышка жакындап,**
Айыл-үйдөн четтетти» же
**«Белди эңкейтип, күчтү алды,**
**Берметтей аппак тишти алды.**
Бузулуп урап короосу,
Булдурттап кызыл тил калды» [5],
**Элден мурун эңкейип,**
**Белимди алды карылык.**
Оозумдагы шекердей
Кебимди алды карылык [5] – деп ырдап, өтүп жаткан өмүрдүү – аяктай булчуң эт, анардай кызыл бет кетиши менен салыштырат. Белди эңкейтип – бүкүр кылып, берметтей аппак тишти түшүрүп, бели менен тишин алганын көрсөтүп олтурат. Токтогулдун ырларындагы портреттик сүрөттөлөр философиялык маанидеги көркөмдүк жүк көтөрүп, ашыкча эч бир салыштырууну байкай албайсың.

Жеңижоктун «Акыркы ыры» деп аты айтып тургандай эле ичээр суусу аз калганда өзүнүн өнөрү, деги эле акындык өнөр тууралуу ой-толгоосу, туулуп-өскөн жери менен коштошуу өңүтүндө ырдалган. Акындын керээзи катарында ырдалып жатканы менен арман мотив басымдуу экенин көрсөк болот. Аталган ырында төкмөлүк өнөрдүн туусун бийик кармап, кыргыз элине ак эмгек маңдай тер менен кызмат кылып өткөндүгүнө ыраазы болсо да, жарык дүйнөдөн армандуу кетип баратканын минтип ырдайт:

**«Кештелүү жака, керме каш,**
Келиним ыйлап отурса,
Кейийт белем мен мынча!
**Кырмызы көйнөк, кыйгач каш,**
Кыздарым ыйлап отурса,
Кыйналат белем мен мынча!» [5],– деп берилет. «Кештелүү жака, керме каш», «кырмызы көйнөк, кыйгач каш» деген портреттик сүрөттөлөргө келини менен кызын салыштырып, өтүп кетсем ыйлап отурса, кыйналат белем, кейийт белем деп армандуу керезин айтып ырдаган. Жогорку келтирге мисалда уйкаштык деле кездешкен эмес, бирок «к» тыбыштарынын аллетарациялык ыргакты бир күүгө келтирип, ыр угуп жаткан угармандын кулагына куялушуп жатат. «Балам жок» деген ырымда ыр куруунун поэтикалык ыкма каражаттарын кенен пайдаланганын көрсөк болот.

**«Сар** кашка атка **мингизип**,
**Саймалуу** калпак **кийгизип**.
**Карагер** атка **мингизип**,
**Кайырма** калпак **кийгизип**.
Чыгарбайт белем жыйынга,
Мен курган жыт кылбайт белем мурунга!» [5], – деп 1-жана 2-саптарында «мингизип», «кийгизип» деген эгиз уйкаштык менен түзүлүп, «с» тыбышына басым жасалып жатат. 3-4-саптарда деле эгиз уйкаштык орун алып, «к» тыбышына басым жасалган. Ырдын муундары да 7-8 муунга туура келет.

Барпы «Керээз» деген ырында Жеңижоктун арманындай маселе көтөрүлгөн, экөөнүн ырларын салыштырып көрөбүз:

«Бош турат төрдө **бешигиң**,
Сен элең менин **кешигим**.
Сенделтти мени өксүгүң,
Кимди көрүп **кешидим**,
**Көзүмдүн жашы сел болуп,**
**Дүйнөдөн өтөт шекилдим**
**Кан качып өңүм кубарып**» [5], – деген ыр саптарында төрдө бош калган бешигин көзүнүн жашы сел болуп, кан качып өңү кубарып кайгырып жатканы менен салыштырган. ААБА уйкаштыгы менен берип олтурат.

**Жыйынтык**

Акындар чыгармачылыгында арман, жоктоо ырларында портреттик сүрөттөлөрдүн поэтикалык мүнөзү көп жактуу иштелип чыкканын көрсөк болот. Параллель келтирип салыштыруулардан тарта метаформа, метониямиялык көркөм сөз каражаттарын пайдаланып, ойлорун образдуу, көркөм, таасирдүү иштеп чыгышкан. 7-8 муундан турган ыргактуу ыр саптарын пайдаланып, аттама, эгиз уйкаштыктарды пайдаланып, ырдалып жаткан ойлорду эстетикалык чекке жеткиргенге толук күчүн жумшашкан. Бул жерде көрүнүп тургандай эле Арстанбек, Токтогул, Жеңижок, Барпы акындар окшош теманын тегерегинде ырдап жатса

деле салыштыруулар, көркөм сөз каражаттары, уйкаштыктар конкреттүү, максаттуу пайдаланылып, ашыкча нерсеси жок экенин баамдасак болору белгиленген.

**Адабияттар тизмеси:**


1. **Асаналиев, К.** Кыргыз адабий терминдер сөздүгү [Текст] / К.Асаналиев, Р.Кыдырбаев –Бишкек, 2014. – 519 б.
2. **Кебекова, Б.** Классикалык изилдөөлөр. Токтогул [Текст] / Б.Кебекова. –Бишкек: Полиграф бумресурсы, 2018. -7 б.
3. **Кебекова, Б.** Классикалык изилдөөлөр. Каада-салт ырлары (Фольклористика) [Текст] / Б.Кебекова. –Бишкек: Принт-экспресс, 2017.- 332 б.
4. Эл адабияты сериясы. Балбайдын керези. –Бишкек: Принт-экспресс, 201. - 17Т.- 366 б.
5. Залкар акындар(Легендарлуу акындар Калыгул, Арстанбек).-Бишкек:Бийиктик плюс, 2015.- 200 б.


DOI: https://doi.org/10.54834/.vi2.403

Поступила в редакцию: 02.02.2024 г.

**УДК 894, 341**

***Акылбекова А.А.***
*аспирант Кыргызского государственного универ. им. И.Арабаева, Кыргызская Республика*

## ЗАМАНА АКЫНДАРЫНЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНДАГЫ ПОРТРЕТТИК СҮРӨТТӨӨЛӨРДҮН КӨРКӨМ ФУНКЦИЯСЫ (КАЛЫГУЛ БАЙ УУЛУ ЖАНА АРСТАНБЕК БУЙЛАШ УУЛУНУН ЧЫГАРМАЛАРЫНЫН МИСАЛЫНДА)

*Жумушта изилдөөнүн предмети болуп замана акындарынын чыгармачылыгындагы портреттик сүрөттөөлөрдүн көркөм функциясы каралган. Изилдөөнүн максаты-акындар поэзиясындагы портреттик сүрөттөөлөр мезгил-мейкиндик алкагында каралып, баа берилиши болуп саналат. 19-кылымдагы кыргыз элинин саясый социалдык-экономикалык жашоо шарты мезгилдик алкактан каралып, портреттик сүрөттөлөргө кандай таасир берген жана спецификалык өзгөчөлүктөрү каралып, обьективдүү анализге алынат. Кандай гана доор болбосун мезгилдин духу чыгармачыл адамдардын жараткан дөөлөттөрүндө баяндалып, күзгү сыяктуу чагылып турат. Элдин басып өткөн тарыхый жолу жандуу кыймылын акындардын, манасчылардын, сынчылардын, ойчулдардын ойлорунун түпкүрүндө чагылып, жалпы журттун жан дүйнөсүн көрсөтүп турганын аныктоо үчүн салыштырма, сыпаттама усулдары пайдаланылды. Бул жумуш замана акындары Калыгул Бай уулу жана Арстанбек Буйлаш уулунун чыгармачылык дөөлөттөрүндөгү портреттик сүрөттөлөргө басым жасалып, изилдөөнүн баалуулуугун белгилейт Портреттик сүрөттөлөр замана акындарынын чыгармачылыгында мезгил-мейкиндик концепциясынын негизинде каралып, обьективдүү баа берилет.*

***Негизги сөздөр:*** *замана акындары; портрет; көчмөн маданият; цивилизация; эвропалык-христианчылык; акыр заман; тар заман.*

## ХУДОЖЕСТВЕННАЯ ФУНКЦИЯ ПОРТРЕТНЫХ ОПИСАНИЙ В ТВОРЧЕСТВЕ ПОЭТОВ-ЗАМАНИСТОВ (НА ПРИМЕРЕ ПРОИЗВЕДЕНИЙ БАЙ УУЛУ КАЛЫГУЛА И АРСТАНБЕКА БУЙЛАШ УУЛУ)

*Предметом исследования в работе является художественная функция портрета в творчестве современных поэтов. Цель исследования - рассмотреть и оценить портретные описания в поэзии поэтов в рамках времени и пространства. На периодической основе рассматриваются политические, социально-экономические условия жизни кыргызов в XIX веке, рассматриваются и объективно анализируются особенности и влияние на портреты. Дух любой эпохи описан и отражен как зеркало в творениях творческих людей. Сравнительным и описательным методами установлено, что исторический путь народа находит отражение в глубоких мыслях поэтов, сказителей, критиков,*